3. Музыка: Жалпы білім беретін мектептін 1-сыныбына арналган окулык // А.Райымбергенов, С.Райымбергенова, У.Байбосынова. – Алматы: Атамура, 2005. – 88 бет; Музыка: 2-сынып – 2006, 94 бет; Музыка: 3-сынып – 2007, 96 бет; Музыка: 4-сынып – 2009,112 бет; Музыка: 5-сынып – 2005, 92 бет; Музыка: Жалпы білім беретін мектептін 6-сыныбына арналган окулык / А.Райымбергенов, С.Райымбергенова, У.Байбосынова. – Алматы: Атамура, 2008. – 96 бет.

УДК: 808.1 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2021-4-126-130

**Сагындык кызы Жанар**
КР Улуттук илимдер академиясы, Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту, аспирант
**Сагындык кызы Жанар**
Национальная академия наук КР, Институт языка и литературы имени Чингиза Айтматова, аспирант
**Sagyndyk kyzy Zhanar**
National Academy of Sciences of the KR,
Institute of Language and Literature named after Chingiz Aitmatov, postgraduate student

# АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ДООРДУН СҮРӨТТӨЛҮШҮ
# ОПИСАНИЕ ЭПОХИ В ТВОРЧЕСТВЕ АЛЫМКУЛА УСЕНБАЕВА
# DESCRIPTION OF THE EPOCH IN THE WORK OF ALYMKUL USENBAYEV

**Аннотация:** Алымкул Үсөнбаев эки доорду башынан өткөргөн акын. Чыгармачылыгынын башталышы Октябрь революциясына чейинки мезгилди камтыйт. Бул учурда жаш акын айылдаш ырчылардан уккан элдик ырлардын мотивинде алгачкы ырларын чыгарган. Токтогул, жана башка ырчылар менен болгон алгачкы алым-сабактарында, жамактарында ошол учурду аздыр-көптүр чагылдырып бере алган. Ал эми революциядан кийинки мезгил акындын чыгармачылыгында кенен жана басымдуу орунду ээлейт. Макалабызда акындын өзү жашап өткөн доордун чагылдырылышын ырларынын негизинде талдоого аракет кылдык.

**Аннотация:** Алымкул Усөнбаев – акын, которому довелось жить на рубеже двух веков. Начало творческого пути выпадает  на дореволюционное время. В этот период, молодой акын начинает писать стихи к народным мотивам, услышанным от своих сельчан. Наряду с Токтогулом и другими певцами-импровизаторами ему удалось отразить в своих стихах все тяготы жизни того времени.  В произведениях певец-импровизатор придает большое значение послереволюционному периоду.В данной статье мы постарались глубже увидеть мир и время, в котором жил автор, анализируя его произведения.

**Annotation:** Alymkul Usenbaev – akyn, who happened to live at the turn of the two centuries. The beginning of his creative path falls on pre-revolutionary time. During this period, the young akyn begins to write poetry to folk motives heard from his villagers. Along with Toktogul and other improvising-singers, he managed to reflect in his verses all the hardships of life. In the works the

improvising singer attaches great importance after the revolutionary period. In this article, we want deeper to see the world and the time the authour lived, analyzing his works.

**Негизги сөздөр:** чыгармачылыгын башталышы, саясий идеология, Совет бийлиги, Токтогул, элдик оозеки чыгармачылык, үлгү.

**Ключевые слова:** начало творчества, политическая идеалогия, Советская власть, Токтогул, устное народное творчество, пример.

**Keywords:** the beginning of the creativity, political ideology, Soviet authority, Toktogul, folklore

XIX кылымдын аягынан XX кылымдын башына чейин кыргыз элинин башынан тарыхый-экономикалык, саясий-социалдык маанидеги окуялар болуп өткөн. Жоокерчилик көчмөн турмуштун уруулукка бөлүнүп, өз ара чабышып, карапайым калктын коогалуу турмушун көрүп, эки доордун ашташына туш келип жашаган ырчылар Токтогул, Калык, Коргоолдордун катарында Алымкул да турат. Алымкул акындар поэзиясында өзгөчө орду бар, шаңшыган үнү, чебер комузчулугу, өлбөс өнөрү менен калк кадырына ээ болгон төкмөлөрдүн бири болгон.

Алымкул Үсөнбаев 1894-жылы Талас жергесиндеги азыркы Манас районундагы Кара-Арча айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулуп, 1963-жылы Бишкекте көз жумган. Балалыгы жокчулуктун запкысын тартып, ата-энесинен да эрте ажырап, ар кайсы байдын коюн кайтарып, отунун алып жүрүп өтөт. Алымкулдун ырчылык шыгынын ойгонушуна өзгөчө таасир тийгизген эң башкы эстетикалык өбөлгөлөр элдик оозеки чыгармачылык, анын ичинде улуу “Манас” эпосу башында турган бир катар дастандар болгон. Эл арасында жомокторду, элдик ырларды, күүлөрдү көп угуп, алардын көбүн эсине тутуп, кээ бирлерин өз алдынча да аткарып коюп жүрөт. Улам жыл өткөн сайын Алымкулдун аты чакан кыз оюндарда, той-тамашаларда оозго алына баштайт. “Колум комузга тийгенде, тентектигим да калды. Эмнегедир комуз эмес, жаш жүрөгүм шыңгырагандай сезилчү..”[3] – деп эскергени бар. Алгачкы ырлары ошол өзү уккан эл ырчыларынын үлгүсүнө салып ырдаганын байкоого болот. Мындай учур акындар поэзиясынын ар бир өкүлүнө тиешелүү. Анткени, алар там-туң баскан бала сыяктуу бирөөнү карап, аны туурап, ага окшошуп, анын ырдоо, аткаруу стилин колдонуп, бара-бара кадамын тыңыраак таштап, өз алдынчалыкка өтө баштайт. К.Акыевдин “Эмнеси болсо да ушул бирин-экин ырчылар, уккан жомоктор, эл арасынан көргөн, уккан кызыктуу сөздөр мага шык, дем берди. Мени ыр көрөңгөм ушинтип башталды”[1;33] - деп эскергени буга мисал. Алымкулдун да ырчылыгын ойгонушуна элдик оозеки чыгармачылыктан тышкары, Сулайман, Аттокур, Айдыраалы өңдүү айылдаш ырчыларды ээрчип, алардан ырчылыктын алгачкы сабактарын алгандыгын эскерет.

Акындар, ырчылар өзү жашаган доордун күзгүсү болот эмеспи. Акындын эң алгачкы ырлары да айыл арасындагы сүйүү темасындагы лирикалык чыгармалар менен катар өзү башынан өткөрүп жаткан оор турмуш баяны болгон.

Кызматтан башың кутулбай,
Кыйла жыл болду жүргөнүң.
Азыркы жарык дүйнөнүн,
Кызыгын бир күн билбедиң.

Жылаңайлак, жылаңбаш,
Жакшылап кийим кийбедиң.

Ээр токуп жүгөндөп,
Энчилеп бир ат минбедиң.[4]

Бул ырды Шадыбек деген карыя дүйнөдөн кайтканда, эл алдына чыгып аны кошуп ырдаган Алымкулдун алгачкы ырларынан. Бул ырда жаш акын ошол учурдагы карапайым элдин жашоосун жана өзү жашап турган доорду аздыр-көптүр чагылдыра алган.

Алымкул Сулайман, Аттокур, Айдыраалы менен жүрүп ар түрдүү чакан жыйындарда көп ырдайт, көп сындан өтөт. Акындын бул мезгилдеги алым сабактары, ырлары жөнүндө маалымат аз. Сөзсүз, жаш ырчы алгачкы ырында эле көзү көргөн, жүрөгү сезген турмуш көрүнүштөрүн кеңири жалпылай албаса да өзүнө тааныш оозеки элдик ырлардын үлгүсүндө жана өзү көргөн, бирге жүрүп бирге уккан акындардын ыкмасында айыл ичиндеги кубанычты жана кайгы-капаны тең бөлүшүүгө аракеттенген. Жаш ырчынын мындай ырчылыгы анын чыгармачылык жолундагы элдик идеянын өсүп өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Акындын Октябрь революциясына чейинки ырларынын көпчүлүгү көздүн жашы, көкүрөктүн дарты менен жуулгандыгын өз эскерүүлөрүнөн гана маалымат ала алабыз. «Мага эски ырларымды эске түшүрүш өтө кыйын, – дейт Алымкул Үсөнбаев,– анткени, мен эски ырларымды эске салуу менен таза унуткум келген эски турмушумду эске түшүрөм. Бала Үсөндүн агасынын ашындагы ырдаган ырымды ойго салсам, менин көз алдыма аштан кийинки манаптардын кызыл камчыга алып, үй-жайымды талап, жалгыз атымды тартып кеткени элестейт. Ал эми 1916-жылдагы ырларымды эскергенимде мен суудай аккан канды, көлдөй жашты элестетем».[4]

20-30-жылдары кыргыз турмушунда теле көрсөтүүнү эске алмак турсун, газета журналдар да элге кеңири жетчү эмес, жетсе деле кыргыз элинин 3,4 % гана окууга сабаты жоюлбаса, калгандары китеп, билим дегенден алыс болгон. Анын үстүнө, адабиятты идеологиянын куралы катары караган партия соцреализмдин нугундагы адабий процесс эми гана телчигип, кадам шилтеп келаткан. Дал ушундай тарыхый, маданий, саясий абалды эске алганда кыргыз элинин чоң аш-тойлорун башкарып, уруунун кадырын, даңкын чыгарууда төкмөлөрдүн таасирин пайдаланып келген сыяктуу коммунистик партия өзүлөрүнүн идеясын таратууда алардын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууну туура тапты. Кыргызстандын ар кыл региондорунан, өрөөндөрүнөн өнөр ээлерин чогултуп, ырчы-чоорчуларын колхоз, совхоздоруна концерт койдуртуп, жумушчу-дыйкандардын руханий жан дүйнөсүн байытуу менен кошо идеологияны жайылтуунун кызматын да аткарууга өтүшкөн. Мындай процесстин кемчилик жактары менен кошо артыкчылык жактары болду. Ошондуктан Токтогулдун, Калыктын, Осмонкулдун, Алымкулдун «Ленин», «партия», «жаркын келечек» сыяктуу ырлары көп кездешет. Дал ушундай союздук масштабдагы саясий идеяларды ишке ашырууда ар бир элдеги уюткулуу талант ээлеринин өзгөчөлүгүн коммунистик партиянын камчысын чаптырып, кеңири массага алардын идеяларын жеткирүү жана жайылтуу багытында иштерге тартты. Ошону менен кошо кыргыз илимий жана маданий чөйрөсү үчүн артыкчылык жактары гана болгон десек болот. «Манас» эпосу сыяктуу көлөмдүү жана кенже эпосторубуздун ар кайсы варианттары жазылып, андан тышкары кенже эпостор, элдик поэмалар, миф-уламыштар, музыкалык күү-обондор кагаз бетине түшүрүлүп, Арстанбек, Токтогул, Тоголок Молдо, Жеңижок, Барпы сыяктуу залкарлардын ар кыл темадагы ырлары урпактарына жетип отурат.

Андан тышкары ошол мезгилдеги тирүү таланттарга совет өкмөтү кам көрүп турган, ырчылык өнөрдүн өктөм элесине жеткичекти жамакчылык, ырчылык, төкмөлүк деңгээлдерди

басып өткүчө комузду чебер ойнотконго, кулакка уккулуктуу коңур үнгө, кыргыздын тарыхын санжырасын, географиясын, кенже эпосторун үйрөнүп, элдин интелектуалдык катмарына өсүп жетиле баштаган. Мындай универсалдуу талантка ээ болуу менен элге багыт берчү, жол көрсөтө алчу руханий жол башчыларга айлана баштаган. Дал ушундай объективдүү жана субъективдүү себептерден улам төкмөлүк өнөрдүн өкүлдөрү коомдогу таасирдүү катмарга айлана алгандыгын баамдасак болот.

Компартиянын саясаты талант ээлерин чогултуп, алардын өнөрканасын изилдегенге жаркын таланттардын ачылышына, бири-бири менен тажрыйба алмашып, чыгармачыл өнөрүн байытканга социалдык экономика жактан чоң шарт түзүп берди десек болот. Мурда өнөр ээлери бай-манаптардын же эл массасынын кызыкчыгын көздөп ырдап келсе, эми партиянын идеялык камчысын чаап, алардын идеяларын элге жеткирүү үчүн ырдамай болду. А.Үсөнбаевдин «Ленин» жөнүндөгү ырында:

«Ленин атын укканда,
Кубанган менин жүрөгүм,
Эл үчүн жанын аябай,
Эркиндик жолун күрөдүм.
Эмгекчил дыйкан элиңди,
Жан дилиң менен сүрөдүн.

Ойлогон максат тилегиң,
Жанчылган дыйкан кедейди,
Жарыкка сүйрөп чыгууга,
Мына азыр биз жеттик,
Эң бир сонун кылымга»,– [6; 5]

деген ыр саптарында идеологиялык ураандын түзмө-түз көчүрмөлөрүн былкылдап жатканын көрсөк болот.

Негизи эле 20-40-жылдар аралыгында төкмөлүк өнөрканада эмес, профессионал адабияттын башаттарында деле Ленин боюнча окшош эле ойлор, салыштыруулар, пикирлер айтылган. Бул ыр саптарында деле алардын эч айырмаланбаган ойлор кынапталып жатканын баамдасак болот.

«Конститутция» деген ырында Совет өкмөтүнө кире элек убакыт менен андан кийинки мезгилди салыштырып мындай ырдаган:

«Эски убакта мындай теңдик болбогон,
Бай-манаптар кедейлерди кордогон.
..............................................................
Союз болуп эркиндигин колго алып,
Мына кыргыз жер жүзүнө таанылды.
Малайлыкта күн өткөргөн кедейлер,
Кызматынан орден, алтын тагынды». [6;44]. Бул ырда айтылып тургандай Совет мезгилине чейинки жана советтик мезгилди салыштырып, адилетсиздик, теңсиздик, кулчулук сыяктуу көрүнүштөр берилип, Октябрдын келиши менен укуктары теңделип, эркиндиктин таза абасы менен дем алып, ар бир адам кылган эмгегине татыктуу бааланып, «орден», «медалдарга» ээ болгонун түшүнсөк болот. Дал ушундай мааниде эле «биздин сот» деген ырын келтирсек болот:

«Эл жыйып суд кылчу эле эки жаран,

...........................................................

Биздин суд, чын большевик, таза жүрөк.

Советтик уясынан учту түлөп.

Бир тиет, бир кишинин баласындай,

Урматка улуу орус келди сүрөп» [6;74]. Ушундай ырлар менен жаңы доорду, жаңы заманды мактап, андагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдү «Москва», «Конституция күнүнө», «Жыргап жатат элибиз», «Жыйырма жылдык октябрга арнап», «Москванын көрүнүшү», «Октябрдын таңы менен», «Учкан уя» сыяктуу ырлары Советтик өлкөнүн өзгөчө ар кыл жактарын белгилеп, кыргыз элинин илими, билими, маданияты эркиндикке жеткенин баса белгилеп көрсөткөн.

Негедир жогорудагы мисалга келтирген ырларында бир жактуулук, жалпы ой жүгүртүү башка төкмөлөрдөн айырмаланып турган индивидуалдык өзгөчөлүктү баамдай албайсың. Деги эле ырдалган ырлардын көпчүлүгү шаблонго түшкөн ойлор, кайталанма көз караштар менен чектелип, ырдалган ырларында кандайдыр бир берилүүлүк, өзгөчөлүк көрүнбөгөн сыяктуу.

А.Үсөнбаевдин ырларындагы жалпы шаблонго түшкөн ойлор, төкмөлүк өнөрдүн сөз куроо өнөрү менен бири-бирине кынаптаган чебер сөздөр, бардык акындар, төкмөлөр, жазуучулар пайдаланган салыштыруулары жөн гана саясий идеологиялык пропаганда менен чектелип, чыныгы төкмөлүк өнөрдү саясый система үстүнөн басып жатканда көңүлү чаппай, үстүрт мааниdеги, ортозаар ырлар жаралып жатканынын себеби ушунда. Анткени төкмө акындардын ак менен караны, жакшы менен жаманды, адилеттүүлүк менен адилетсиздикти айырмалаш үчүн бир гана көрүш керек эмес, ошол жамандыкты, адилетсиздикти сезиш керек эле. Токтогулдун Токтогул болушуна анын тагдыры себеп болду, о.э. Барпынын жаштайынан көргөн татаал жашоосу, көзүнүн көрбөй калышы, анын санат-насыят, термелерди жогорку чекке жеткире ырдаганга түрткү берди. Болбосо буларда деле саясий идеологоиялык ырлары Токтогулдан, Арстанбектен ашса ашат, бирок кем калбай турчу таланттын угуту бар эле.

Анын үстүнө 18-20-кылымдагы кыргыз элинин арасында саясатка болгон тоталитардык диктат жок болгон үчүн эркин ырдашса керек, о.э. социалдык жактан теңдик болгону менен саясий жактан эркиндик болбогонун бардыгыбыз билебиз. Ошондуктан А.Үсөнбаевдин саясий нуктагы ырлары алда канча мыкты чыкпаганынын себептери ушунда жаткандыр.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Акыев К.Баскан жол. – Ф.: Кыргызстан, 1964, 228 б.
2. Залкар акындар. Барпы, 2017. 401-б.
3. Искусство Советской Киргизии, М.Л., 1939, 53-б
4. Ленинчил жаш, 17-ноябрь, 1954-ж.
5. Советтик Кыргызстан, 1954, №11, 70 б.
6. Үсөнбаев А. Тандалган чыгармалар, Ф., 1973, 580 б.